Тема: Улутум Манас – Урааным Манас.

( Манас таануу интелектууладык таймаш)

Таймаштын максаты:

"Манас, Семетей, Сейтек" эпостору боюнча окуучулардын алган билимдерин бышыктоо, ар бир окуучунун жүрөгүндө патриоттук сезимди ойготуу жана " мен Манастын урпагымын"деген ыйык сезимди сиңирүү.

Таймаштын жүрүшү:

Кыргызым бүтпөс ырымсың

Кыярбас кызыл туумсуң,

Сан жагың чакан болсо да,

Сапатың менен чакан болсо да дегендей сапаты менен улуу болгон кыргыз эли илгертен Манас айтып, аны урпактарына мурас калтырып,ушундай чоң эпосту оозеки бизге чейин жеткирген улуу калк.

Манас- улуу кырыгз элдин желеги

Ата- Мурас акыл ойдун тереңи.

Тубөлүккө ташка тамга баскандай,

Кыргыз элдин адамзатка белеги.

Анда эмесе, катышуучуларыбызды чакырып алсак.

( командалар менен таанышуу)

Таймаштын жүрүшү :

1. Саламдашуу ( командалар өздөрүн тааныштырышат )

2. Үчилтиктик боюнча суроо- жооптор.

3. Сыр куржун (куржунда катылган көөнө сөздөрдү,макалдарды чечмелеп,Манас эпосунан мисалдарды келтирип айтып беришет).

3. Өз ара суроо.

4. Күтүлбөгөн суроолор.

Калыстар тобу менен таанышуу.

Сапар жолдо сабак болуп жатабыз.

Кандашыбыз колдоп,Манас атабыз,

Карт тарыхта дайым жашап келели.

Сөз кезегин саламдашууга берели.

Командалардын саламдашуусу.

Кыргыз баалайт сөздүн баасын кадырын

Куран сымал ыйык тутат "Манасын"

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

Кылымдардан кылымдарга даңкталат

Бул эпостор түбөлүккө сакталат.

Үчилтик боюнча командаларга суроо-жооптор.

1-командага суроолор.

1.Түнөп өткөн жерине туптуу мазар орногон деген саптарды кандай түшүнөсүңөр?

2. Кара кандын уулдары кимдер санап бергиле

3. Эмне себептен Манасты Ошпурга берген?

4.Манаста 2 каарман айтылыт " ыйлаган бала сооронгон "деп ал кайсы баатырлар?

5. Эпостогу тулпарларды атап бергиле

6. Манастын көзү өткөндөн кийин бийлик кимдин колуна өтөт.

2-командага суроолор.

1. Манастын ата – бабаларынын иретин санап атап бергиле?

2. Кыргыздарды туш-тарапка чачкан кытай кандарын атап кеткиле

3. Жакыптын бечел уулу деген сөз кимге карата жана эмне себептен айтылган?

4. Сейтек эмне себептен Жети-Өзөндө төрөлгөн?

5. Эмне үчүн Семетейди Каныкей өзү багып чоңойто алган эмес?

6. Каныкей Чыйырды менен Семетейди көтөрүп алып,чөлдү канча күндө басып өтөт?

3-командага суроолор

1 .Манастын түпкү аталары кандай даражадагы адамдар болгон?

2. Семетейдин тоюнда канча тулпар чабылган?

3. Коңурбайдын ысымын "Коңурбай" деп ким койгон?

4. Семетейди кайып дүйнөгө ким алып кетет?

5. Жедигер журту эмне үчүн ок тинтешип антташат?

6. Эмне үчүн Чегебайдын ысымы Кутубий деп өзгөрөт?

Маң-маң, маң басып,чуудаларын чаң басып

Ала- Тоодон келет,чубашып

Төөлөр чубайт сыр куржунун артынып,-анда сыр куржундун ичиндеги суроолорду көрөл,ага көңүл бөлөлү.

Сыр куржундун ичиндеги сөздөрдү,макалдарды чечмелеп мисал келтирип айтып беришет.

Куржунда катылган көөнө сөздөр :

1. Аткара тил болгондо дегенди чечмелеп бергиле

2. Аманатын кыюу дегенди чечмелеп бергиле

3. Безик дегенди чечмелеп бергиле .

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

Макалдар

1 .Жортолбогон жол бузат,айта албаган сөз бузат.

2. Балалуунун багы бар,баласыздын жүрөгүндө муңу бар.

3. Ажарлуу аял адамдын периштеси,акылдуу аял эркектин шериктеши.

Анда эмесе,балдар сөзүн угалы

Кана эмесе, суроого көңүл буралы.

Суроо менен күч сынашалы

Жообун таап,бир аз оюн куралы .

Командалар бири- бирине суроо узатышат.

Күтүлбөгөн суроолор.

Топтун катышуучуларына,ар бирине суроо берилет.

1-команданын катышуучуларына суроолор.

1.Кытайдын 60 уулду каны ким ? (Алооке)

2.Семетейди таарынткан тайэжеси? (Кишимжан)

3. Манастын төлгөчү чоросу? (Төлөк)

4. Манастын эл башкарган чоросу? ( Эламан)

5. Семетейдин эмчектеш тууганы? ( Жообузар,Күлчоро)

2-команданын катышуучуларына суроолор

1.Жакыптын түшүн ким жооруйт? (Акбалта)

2. Аккелтени Манаска ким тартуулайт ( Бакай)

3. Манастын чөбөрөсү ким? (Кенен)

4. Көп чатактын башына айланган аш ( Көкөтөйдүн ашы )

5. Көкчөнүн энеси ким? ( Акконур )

3- команданын катышуучуларына суроолор.

1. Кытайлар Манастын ордуна кимди туткунга алган? ( Жарманасты)

2. Сейтектин аялы ким ? ( Ак Берме )

3. Акбалта кайсы уруунун каны? ( Нойгут )

4. Манас менен бир күндө туулган жаныбар ? ( Тору чаар )

5. Чаяндын кызы ? ( Бакдөөлөт )

Ким билет,кимдин арманын

Тараза билет салмагын

Анда эмесе кезекти

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

Калыстарга берелик.

Калыстар өз бааларын айтып,командаларды сыйлашат.

Манас – улуу,улуу тарых

Манас - улуу рух, улуу намыс,

Манас – улуу жол,улуу мектеп

Манас- улуу ыр,улуу сабак.

Ушуну менен класс аралык "Манас таануу " интеллектуалдык таймашына келип,катышып бергениңерге ыраазычылык билдиребиз.

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner